*УДК:398. 221:94(575. 2)*

***Баканов Э. Б.***

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКДООРДОГУ КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫН МИФОЛОГИЗАЦИЯЛОО

***Баканов Э. Б.***

# МИФОЛОГИЗАЦИЯ ИСТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА В ЭПОХУ НЕЗАВИСИМОСТИ

***E. B. Bakanov***

# MYTHOIOGIZATIONKYRGYZHISTORYIN THE ERAOFINDEPENDENCE

**Аннотация:** Бул чакан илимий изилдөөдө тарых илиминдеги айрым бир көйгөйлүү маселелер жөнүндө сөз болуп, андагы кээ бир изилдөөчүүлөр тарабынан тарыхка жаңылык киргизүү аракеттери жана бул багытта жарык көргөн эмгектердеги талаштуу жагдай жаратып, тарых илимине каршы келген көрүнүштөргө талдоо жүгүзүлөт.

**Негизги сөздөр:** Мифологизациялоо, Фолькхистори, Субьективизм, Социалдык буйрутма.

**Аннотация:** Это краткая научного исследования истории сегодняшних разговоров о некоторых из основных вопросов, не которые из характеристик и действий, которые должны быть включены в истории новой ситуации опубликованных работ, что эта спорная наука истории допускаемых анализ приобретения.

**Ключевые слова:** Мифологизация, Фолькхистори, Субьективизм, Социальная заказ.

**Annotation:**This small fied of scientific research of the history of the current talk about some of the core issues, some of the characteristicsand actions to be included in the history of the new situation published writings that this controversial history permitted a quisition analysis.

**Keywords:**Mythologization, Folkhistory, Subjectiveism, Social order.

**Жалпы мүнөздөмө.**

Акыркы учурларда өсүп келе жаткан жаш муундарга арналган окуу китептеринде кандайдыр бир деңгээлде тарыхты уламышка айландырган жагдайлар байкала баштады. Бул өзгөчө мындай көрүнүшКавказ өлкөлөрүндөАзербайжанда, Грузияда жана Арменияда болуп, ал тенденция акырындык менен жылып отуруп Казахстанга, Өзбекстанга эми минтип бизге келип отурат.

Жасалма тарых тенденциясы же болбосо “фолькхистори”, дегенибиз эмне экендигине алгач түшүнүк алып алсак. “Фолькхистори”, сөзүнүн бизче, “каймана тарых” же “жасалма тарых”, маанисин берип, илимий негизи жок эле тарыхты жазуу менен тарых илиминин мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, анын принциптерине каршы келгентолкун болуп саналат. Ал эми бүгүнгө келип учурдагы тарыхта кыргыз тарыхын мифологизациялоо жараянына өзүнчө токтолуп, бул маселе менен толук түрдө эсептешүүгө зарылчылык жаралып турат. Анда эмесе, кыргыз тарыхындагы проблемалуу жагдайлар тууралуу алдында кеңири сөз кылмакчыбыз.

1991-жыл, 31-августь, дал ушул куну сиз менен биз жашап жаткан өлкөнүн тарыхында жаңы барактар ачылып, ал – кылымдар боюу күттүргөн ошол эгемендүүлүктүн жышааны эле. Өлкөнүн тарыхында жаңы барактар ачылды дегенибиз да бекеринен эмес. Акыры, ошол катаал саясий режимдин кыстоосундагы 70жыл убакыт Кыргызстанга, анын ичинен кыргыз элине чоң таасир берүү менен жашоо-турмушту, коомдук аң-сезимди, түшүнүктү өзгөрткөн эле. Коммунисттик идеологиянын басымы ошондо ушунчалык аң-сезимибизге сиңип

кеткенин, дале болсо көкүрөк чөнтөгүнөн партиялык билетин түшүрбөй келе жаткан аталарыбыздын мисалынан билебиз. Башкаруу ошондой болуп турган заманды тарых кандай жазганын мен айтпасамда белгилүү. Эми минтип өлкө көз карандысыздыкка жетишип, жаңы демократиялык мамилелердин болушу менен коомдук мамилелер өзгөрүп, мурдагы калыптанган түшүнүктөн эл арыла баштаган. Бул абал, жашоонун бардык тармактарында анын ичинде илимде да бир топ жаңылануларга түрттү. Алсак, тарых илиминде марксисттик-лениндик методология четке кагылып, советтик цензуранын жокко чыгарылуусу менен тарых башкача өңүттөн жазыла баштаганын айтууга болот. Бул жатта бир канча жаңы окуу китептери басылып чыгып баштаган. Мурункудай рецензиянын элегинен өткөрүү өңдүү шарттардын жоктугу менен авторлорго эркин абал берип, ал акырындап отуруп тарыхты өз түшүнгөнүнчө жазууга алып келди. Тарых, – китеп болуп көп жазылганы жакшы деңизчи бирок, кыргыз тарыхы кандайча жол менен жазылып жатканын эч ойлонуп көрдүкпү?

Тарых, – гуманитардык илимдердин сап башында болуп, ал байыркы Римде "жашоо жөнүндөгү"[1] илим ал эми чыгышта орто кылымдарда Кытайда болсо тарых бул – "келечектин окутуучусу"дээлинип, бул илимге олутту маани берилген. Анткени анын коомго жана өсүп келе жаткан жаш муунду жашоого, мекенчилдикке тарбиялоодогу орду чоң. Тарых илиминин булмиссиясынэсепке алганда ага кылдаат мамиле кылуу керектигин билебиз. Тилекке каршы азыркы учурда тарых илиминде айрым жагымсыз толкундоолор болуп жаткандыгына кубө болуп турабыз. Тарыхты сүйүүчү досторубуз тарыхка кызыга калышып, уктап жатып эле түшүнөн чочуп туруп, дароо түшүндө көргөнүн жазып, окумуштуу-тарыхчы болуп чыга калышканычы. Тарых илиминин өзүнүн мыйзам ченеми, илим катары тээ мурдатан бери калыптанып келинген принциптери бар. Аны тарыхка кызыгып, изилдөөчү окумуштуу болом деген келечектеги адистер, алдын жогорку окуу жайынан атайын түзүлгөн окуу программасынын негизинде окуп үйрөнүшөт. Ошону менен теориялык билимге ээ болуу жолу менен практикалык көндүмдөрдү өздөрүндө калыптандырышат. Анан тигил же бул теманын үстүндө изилдешет. Эгер карап жаткан маселесинде илимий жаңылык болсо атайын түзүлгөн илимий кеңештин алдына талкууга коюлат. Аталган илимий талкуудан өтсө гана эмгекти жазууга жарактуу деп табылат.

Профессионал эмес тарыхчы жана бул илимге машпоз "тарыхты сүйүүчү" авторлор көп учурларда жасалма тарыхка дээрлери менен кирип кетишип, тарыхый чындыкты мифтештирип жиберишет. Анткени, алар көбүнчө өз алдыларына "мен муну ачышым керек", "мен аны далилдешим керек", деген матив коюп алышып болбогон факттар менен далилдөөгө аракеттенишет да мифке, легендаларга кантип кирип кеткендерин байкабай калышат. Демек, бул абалда эч кандай архивдик материалдарга, археологиялык табылгаларды мындай кой, катардагы эле илимий эмгектерге шилтеме берилбей туруп жазылат. Мындай тенденция айрыкча постсоветтик мезгилде күч алды. Анткени мурункудай чектөө (цензура) жок, ар ким өзүнүн пикрин эркин айта алат. Демократиянын болгону жакшы бирок, ар бир эле адамдын оюна келгенин жаза бериши жакшы көрүнүш эмес. Ошондуктан бүгүнгө келип кыргыз тарыхында "фолькхистори", жомок тарых тенденциясы пайда болду. Кыргызстанда журналист, тилчи мындай турсун айыл чарба адиси, атүгүл эч кандай базалык билими болбогон базардагы картөшкө-пияз саткан базарчы да көлөмдүү, миңдеген нускадагы китеп жазышып, "тарыхчы" болуп чыга келишти.

**Тарыхка субьективизмдин тийгизген таасири**

Тарых бул, – обьективдүү жараян (көрүнүш). Ал фактка негизделет. Факт сөзүнүн бизче мааниси, “болгон”, “жасалган”, деген далилдүү түшүнүктү берет. Тарыхый факт өзүнөн эки билимди калтырат;

- Болуп өткөн окуя жөнүндө
- Субьект ошол өткөн окуядан өзүнө кабыл алган билим.

Тарыхты изилдеген субьект бул – адам. [1] Демек, тарыхты субьект жазат. Адамдын иш аракети менен тарых илими өнүгөт же анын түп тескериси. Тарыхый жараянды чагылдырып жатып, субьект (адам) анын эмоциясы, психотерепиялык абалы, же саясий-идеологиялык кызыкчылыгынын таасири астында берүүгө аракет кылат. Мына ушул жасалган кадамдын өзү субьективизм болуп, тарыхты бурмалоо иш аракети катары бааланат. Бул көрүнүштөн келип чыгып ушуну айтууга болот, тарыхты калыс чагылдыруу субьектин(адамдын) ошол учурдагы абалына көз каранды абалда калат. Мындай түзүлгөн кырдаал болгон окуянын туура (обьективдүү) берилишине көлөкөсүн тийгизет. Мисалга алсак акыркы жылдары улуттун эмес, уруунун тарыхын изилдөөгө социалдык буйрутмалардын көбөйүшүн айтууга болот. Кыргыздын санжырасындагы кырк уруунун тарыхын изилдөө демилгеси менен “Улут жүзү” коомдук фонду атайын каражат бөлүп, ал үчүн атайын “изилдөөчүү чабарман” дайындашкан эле. Эгер аталган демилге боюнча уруулардын тарыхы ынанымдуу далилдерге негизделип, мифтештирилбей, илимий көз караштарды эске алуу менен жазылса анда жалпы кыргыз улутунун тарыхын байытып, илимий айлампаларгакошумча киргизип, тарых илимине пайдасын гана тийгизет. Ал эми уруунун тарыхы ага буйрутма берген адамдардын кызыкчылыгын көздөп, ошол уруунун башчыларын даңазалап, кээде башка уруулардын аброюн басмырлоого чейин барылса, айрым учурларда ойдон чыгарылган пикирлер менен коштолсо бул – тек гана тарыхтын бурмалануусуна алып эле келбестен, анын натыйжасы өлкөнүн ички биримдигине доо кетирип, калыптанып келе жаткан атуулдук коом үчүн чоң коркунуч жаратат.

Өтө эле мифтештирилген тарыхый чыгармаларды түшүнүккө ээ болгон окурман анын мазмунунан эле карап анын жомоктоштурулганын баамдай алат. Ал эми жарым- жартылай мифтештирилген эмгектер менен илимий-популярдуу чыгарманын айырмасын даана билүү жөнөкөй катардагы окурманга кыйынга турат. Окурман мындай учурда чыгармага жана аны жазган авторуна сын пикир берүүсү керек болот. Ал кандай болушу керек?;

- Алгач, автордунжашын, адистигинжанаанынидеялыккөзкарашынаныктоокерек
- Ошол чыгарманын чыныгы тарыхый чыгарма экенин билүү үчүн, тарых илиминдеги негизги принциптердин бири болгон– тарыхыйлуулук (историзм) дин жардамы менен, чыгармадагы келтирилген окуялардын доорун, жайын, убактысын эске алуу шарт. Мына ушундай ыкма жолу менен биз алаканыбыздагы китептин канчалык илимий негизде жазылганын же болбосо көбүртүп-апыртыруу менен жазылганын аңдасак болот.

**“Кыргыз” этималогиясынынмаанисин бурмалоо**

“Кыргыз”этнонимин сөзүнүн тарыхый жазмаларда аталышын буруп айтуу кыргыз тарыхын удургутууга алып келсе, эми “кыргыз сөзүнүн маанисин чечмелөөгө жең түрөө киришкен айрымдар “40 кыз”аңызын баш кылган уламыштарды келечек ээлерине таңуулап окутуу, тарыхы бар бирок, теги жок улутка айландыруу фольсификатор тарыхчылардын эрмегине айланганына көп болду. Ушул эле “кырк кыз” мифине мындан жүз жыл мурда кыргыздын туң тарыхчыларынын бири болгон, Белек Солтоноевдин ардангaны, кейигени бекеринен эмес. Биз ошол кейинүүлөрдөн азыр да сабак ала турган түрүбүз бар. Ал үчүн карт тарыхчыларыбыздын айткан сөздөрүнөн үзүндүлөрдү келтирели. Осмоналы Сыдык уулу ;

“Кыргыз –кырк кыздан”, – деп Шайых Мансурдун бир нече акылга сыйбаган жомоктору айтылып келген. Көрпө-тери алдап алуучулардын сөздөрү жанымдан өтүп, он беш жылдан бери аңтарып, текшерип 200миң кыргыздын ата-бабаларын таратып, Адам алейхи саламга жеткиздим. Биз да асыл заттан экенибизди билсин үчүн. 15 жылдык мээнетимди бир саатча көрбөй, калем термете баштадым”, - деп намыстануу менен “Мухтасар тарыхы кыргызяны” жазыптыр. Андан соң кыргызда китепти эң көп окуган Талып молдо ; “кыргыз деген “кырк кыз”деген сөздөн келип чыккан дешет.... Өз тилинде жазылган белгилүү тарыхы жана тарыхты терең билген кишиси болбогон кыргыз эли кожом айтты, “кырк кыздан таралган таралган экенбиз”дешип ишенип калат. Кырк кыз көбүктөн бойкат болгон, дагы кырк кыздын сарайындабир кызыл ит жүрчү экен, кыргыздын теги ошол дегенди ойлоп чыгарып кыргызды “Акеша”атту саабага байлап айткандар дагы болгон. Бул сөздөр божомолдорго, шылдыңдоолорго байланышканы көрүнүп турат, ал сөздөрдө эч кандай чындык жок”, -дейт. Мындан башка дагы бир окуя тууралуу айтсак. Кыргыздын тарыхын биринчи жолу өз тилинде жазган Б. Солтоноев: “1895-жылдын аягына жакын бир күнү Пишпек кааласындагы(азыркы Бишкек шаары) бир дүкөнгө кирсем, жайылуу турган көп китеп бар экен. Китептериңизди алып бериңиз, көрөйүн десем дүкөнчү бир топ китептерди алдыма койду. Байкашымча дүкөнчү өзбек болсо керек эле. Китептерди карасам, ”аптийек”, “соголдияр”сыяктуу китептер экен. Жакшы, сулуу тышталган үч-төрт китепти кайта алганда: “Ал эмне китептер?, көрсөтүңүз дегенде “булар тарых китептер, сизге ылайыгы жок” деп кайтадан алып койгондо, тарых кабарын карыялардан уга келгенимден өтө каадаланып сурай баштадым. Бербеди, ”сатыңыз”десем саган тарыхтын кереги жок, кыргыз кырк кызды ээрчиген бир иттен таралган, атаңар ит энеңер кырк кыз”, -дейт. Бул сөзгө аң-таң калып, дүкөнчүнү бир аз карап туруп, жаш башым ызаалыктан ыйлай жаздап, жанымдагы жолдошумдан уялганымдан араң басып кеттим. Кыргыз анык эле иттен таралганбы? деген көбүрөөк ойдо калдым. Ошондон баштап кыргыздын анык кайдан таралып чыкканын билмекке орусча, мусулманча китептерди издеп таап ала баштадым...” Ошону менен “Кызыл кыргыз тарыхы” атту китеп жазылган”. –деп Б. Солтоноев белгилейт. Бир кылымдан ашуун убакыт мурун ошондо бизде тарых илими эми гана тилге алына баштаган учурда бул миф боюнча Б. Солтоноевдин жасаганреакциясын караңыз жана бүгүн илим ушунчалык өнүккөн заманда айрым бир мекендештерибиздин ошол кыргыз тарыхына жабууланган “кара так” боюнча уламышка ишенүү менен аны ооздоруна даңазалай айтып, жайылтып жүргөнү жүрөктү кейитет.

“Кыргыз” этноними – түрк, моңгол жана башка түрк тилдүү элдердин ичинен жазма булактарда эң алгачкы эскерилген элдин, биз кыргыздардын энчилүү атыбыз. Кыргыз – элдин, мамлекеттин аталышы катары кытай жыл баяндарында, байыркы түрк, уйгур жана кыргыз руникалык жазма эстеликтеринде чагылдырылган. Бул тарыхый даректердин бирөөсүндө да “40 кыз” туралуу уламыш келтирилбейт. ”Кырк кыз” легендасы улуттун атын түшүндүрүп бермек турсун, урпактарды ардантып, ыйлаткан жорук болот.

**Кыргыз тарыхындагы инсан таануу маселеси**

Эгемендүүлүктүн чейрек доорунда бир эле кыргыз элинин тарыхы эле жаңыча изилденип калбастан, бул тарыхтан кайсыл бир деңгээлде орун элеп, анын жүрүш нугун бурган, кенеш өкмөтүнүн мезгилинде таптык пазицияда каралып “болуш”, ”бий”, ”манап” катары көрүлүп, алардын бейнеси ачыкка чыкпай келген. Заман алмашып бул инсандардын өмүр таржымалын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы жаралды. Тарыхый инсандардын бейнесин чагылдырууда архивдик булактар менен биргеликте оозеки жазма санжыра

булактарына түздөн түз кайрылынат. Документалдык булактардын көпчүлүгү бизден тышта болгону үчүн жана аны табуу, ага кетүүчү каражатардын тартыштыгы, котормочу филолог-синологдордун сейрек болуп жаткандыгы жогорудагы маселеге себеп болуп жатат. Ал эми өлкө ичиндеги оозеки санжыраларга таянуу менен тарыхты жазуу талаштуу пикирлерди жаратат. Санжыраны пайдаланылган көп китептер жаралды, жаралып жатат. Алардын кээ бирлерин мазмунунан карап отуруп бул жерде да инсан бейнесин көркөмдөп, керегинен сырт мактоо, даңазалоо менен мифтештирилген корунуштор чыга келет.

Мындан бир жыл мурун кыргыз тарыхындасенсация кыла коём деп бир мекендешибиз “Дүйнөнү дүңгүрөткөн Чыңгыз хан кыргыз болгон”, деген чыгарма жазган эле. Бул кабар кыргыз коомчулугуна тарар замат көптөгөн пикирлерди жаратты. Тарыхтын дөнгөлөгүн чимирилте айланткан даңазалуу, каардуу инсандын генеологиясына байланыштуу маселелер боюнча али өзүнүн этносуна жабыштыра коюуну көздөп, тарыхын байытууну максат эткен бир канча улуттар ага далалат жасашкан эле. Узак барбай эле коңшу казактын бир профессору, өзүнүн Чыңгыз хан тууралуу <u>мистикалык чыгармасында</u> бул инсанды нагыз эле казак кылып коёт. Балким, бул аракет казактардын чоң төбөлдөрүнүн заказы болуп жүрбөсүн. Анткени, бул көрүнүш Казакстанда өнүгүп кеткен. Эми кайра кайрылып жанагы маселеге келсек. Чыңгыз хандын теги тууралуу жазылган чыгармасында автор; “ Чыңгыз хан кыргыз болгон, анын чоң чоң энеси Алангао – бул кыргыз санжырасындагы Наалы эженин дал өзү”[3] -деген пикирин абсалюттук чекте туура экенин Е. Кычановдун [Жизнь Темучжина думавшего покорит мир], деген чыгармасына таянуу менен айтат. Евгений Кычановдун кесиби боюнча жазуучу экенин да унутпоо керек. Чыгарманын автору экс-депутат Бегиш Ааматов, чыгарманы жазууда бир канча санжыра түрүндөгү эмгектерди Аксак Темирдин небереси болгон Мирза Улугбектин [Турт (төрт) улис тарихи] Ташкент-1994. Деген эмгектеринен маалымат чогултканын мындан бөлөк илимий изилденген фундаменталдуу эмгектер жөнүндө сөз жок. Автор, дагы кошумчалап Алангао туурасындагы легендадагы“Баргужин” уруусу, бул – кыргыздардын санжырадагы ичкилик уруусу болгон “Баргы”экендигин жана өзүн ошол уурудан экендигин Коомдук Биринчи Каналдан( КТРК) эфирге чыгуучу “Улутман” теле көрсөтүүсүнөн шардана кылганэле. Демек, анын жазган чыгармасына баа берип жатып бул өңдүү факторлордун бар экенин да эске алуу керек.

Эми ошондой жаңы “табылгаларды”учкай баяндап өтөбүз:

- Адольф Гитлер кыргыздын “аарий”уруусунан болгон, демек кыргыз
- Адам Атанын өзү нагыз кыргыз болуптур. Анын уруусу жаңы санжыраларда такталып берилмекчи.
- Аттила, – шек күмөнсүз кыргыз болгон. Негедир латынча жазма булактары бул чындыкты бизден жашырган сыяктанат.
- Оо дүйнөдөн калмак ырчысы ЖайсаңдынБүбү Майрамга аста-секин кулагына шыбырап, жөнөткөн маалыматына караганда Манас биздин замандын 670-жылы туулган экен/
- Мухаммед Кыргыз, Тагай бийдин дал өзү.
- 1916-жылдагы көтөрүлүш маалында чыккынчылык кылгандарды деле “элди коргогон” баатырлар деп ашкере мактайлы, даңктайлы ушул аркылуу тарыхыбыз байый тургандай.

1240-жылы Чыңгыз хандын уулу Угедейдин тушунда алгач уйгур тилинде андан кийин кытай тилине транскрипцияланып жазылган “Моңголдун жашырын(купуя) тарыхы”, бул моңголдордун тарыхын баяндаган олутту тарыхый булак болгон чыгарма. Бул

чыгарманын моңголчо текстин Висконсин-Мэдисон университетинин профессору Жон Стрит (John C Street) 1985-2013-жылдар аралыгында санарипке түшүргөн. Аталган тарыхый эмгектин маанисине токтолуп жатып, жогорудагы келтирилген Чыңгыз хандын келип чыгуу теги боюнча жазылган эмгек жөнүндө белгилүү тарыхчы-окумуштуу тарых илимдеринин доктору, профессор Т. Чоротегин: “Чыңгыз хансыз эле кыргыз тарыхы терең тамырланганын айтып коюшубуз керек. Өз тарыхыбызды моңголдордун тарыхынын эсебинен “коошдоп алуубузга”эч кандай зарылчылык жок”, -деп эсептейт. Кыргыздын өз тарыхында башка эч бир этнос талаша албаган Барсбек каган, Мухаммед Кыргыз, Тайлак баатыр, Полот хан, Курманжан датка, Ишенаалы Арабаев, Абдыкадыр Орозбеков, Жусуп Абдрахманов жана Исхак Раззаков өңдүү тарыхый инсандарыбыз бар. Изилдөөгө болгон дилгирлигибизди мына ушуга окшогон инсандарыбыздын бейнесине багыштасак максатка ылайыктуу болмок.

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн маселелелери**

Байыркы кыргыз тарыхына арналган изилдөөлөрдө мамлекеттүүлүк маселеси, тактап айтканда анын калыптануу доору, өнүгүү этаптары өзүнчө бөлүнүп каралбай келет. Балким, бул жазма булак маалыматарынын жетишсиздигине байланыштуу болсо керек. Айрым бир китеп, макалаларда жазма булак, археологиялык материалдар атүгүл өткөн тарыхый кырдаал эске алынбай туруп, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тамырын тереңдетүүдөй ойломдор бар. [4]

Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө сөз кылуудан мурда, адегенде мамлекет же анын калыптаныш өзгөчөлүктөрүн тактап алыш абзел. Борбордук азиядагы жумуряттардын мамлекет куруу идеясы жана анын нагыз кайсыл улутка тиешелүү экендиги туурасында кызуу талкуу жүрүп келет. Ошондуктан мындай маселени карап жатканда өтө кылдаттык менен жазма булактарды, ачыкка чыкпаган маалыматтарды комплекстүү караоо жолуу аркылуу кыргыз тарыхынын бул олутту проблемасын чечкен оң. Кыргыздар б. з. ч 3-кылымдын соңунда тарыхта кезикен маалыматтан бөлөк алардын саясий турмушун, чарбасын, маданиятын далилдей турган материалдар азырынча жок. мындай өксүк кыргыз тарыхынын 6-кылымына чейинки ак барактарын толтуруп, жыйынтыктуу бүтүм чыгарууга тоскоолдук кылат. Байыркы кыргыздын байырлаган жери, материалдык башаты аныкталмайынча үзүл кесе чечкиндүү жыйынтык чыгарууга болбойт. Кыргыз мамлекети жана анын белгилери, жетилүү боюнча даректерди 6-кылым ортосунан баштап жолуктура алабыз. Бул доордогу кыргыз мамлекетүүлүгү жөнундөгу кабарлар археологиялык табылгалар менен тастыкталат. Жазма булак маалыматтары жана материалдык буюм-тайымдарды салыштыруудан мамлекттүүлүктүн белгилери, жетилүү этаптары, жүргүзүлгөн саясаты аныкталат. Кыргызстан тарыхында мамлекетүүлүктүн этаптары төмөнкүчө бөлүнөт;

1. Байыркы Гэ-Гун мамлекети (б. з. ч. 55-56-жылдар)
2. Енисейдеги Кыргыз кагандыгы (б. з 6-7к)
3. Улуу Кыргыз каганаты ( 840-920 )
4. Кокон хандыгы ( 1709-1876)
5. Кыргыз ССР (1936-1991)
6. Эгемендүү Кыргыз Республикасы (1991-азыркыга чейин)

Азыркы биздин тарых үчүн эң оболу кандайдыр бир шектүү күмөндөр менен мамлекеттүүлүктүн тамырын тереңдетүүнүн ордуна караганда, өз алдынчалык мамлекеттүүлүгүбүздү сактап калуудай орчундуу курч маселе турат.

Жыйынтыктап айтканда ар бир көрүлгөн иштин логикалык тушүнүгү болуусунан караганда, “жасалма тарых” тенденциясынын да коомдо мааниси жок эмес. Анткени, ал коомчулукту тарыхка кызыктырат, өз элинин тарыхын билүүгө өбөлгө жаратат. Кайсыл бир деңгээлде мекенчилдик, тарбиялык да мааниге ээ. Биздин пикирибизче тарыхты мифологизациялоо бул азырынча убактылуу бир толкун. Ал толкун бара-бара азайып, таанып билүүчүлүк деңгээли өскөн окурмандар өздөрү эле алардан алыстап калышат. Жагдайдын мындай түзүлүшү менен кыргыз тарыхындагы актуалдуу бойдон калып жаткан бул проблема өз чечимин табат деген терең ишенимдебиз.

**Адабияттар:**


1. Сулайманов. Э, Бердыходжаев. К, Эшкожоев, Т, “Тарых адистигине киришүү”, Жалал-Абад -2010.
2. О. Каратаев, С. Эралиев “Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк” Бишкек -2005
3. Бегиш Ааматов, “Дүйнөнү дүңгүрөткөн Чыңгыз хан кыргыз болгон”Бишкек - 2016.
4. Кусеин Исаев, “Кыргыз таануу маселелери” Бишкек - 2016.
5. Б. Т. Коржова, Э. Кубатов –“Байыркы кыргыз тарыхынын актуалдуу проблемалары”:[эл аралык илимий конгресстин билдирүүлөрүнүн тезистери] Бишкек - 2001


**Рецензент: к. и. н., и. о. профессор Капалбаев О. Э.**